## • *Тарыхый көркөм баян*

**Эркин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Ош шаарынын 3000 жылдыгын өткөрүү тууралу чечимге келди. Бул — өтө зор тарыхый окуя. Кыргыз элинин миң жылдарга созулган оор тарыхынын бир өзөгү Ош шаарынын жүрөгү аркылуу өткөн. Демек, Ош шаарынын тарыхы — кыргыз элинин да тарыхы.**

**Бул узак жолдо зор окуялар, аларга аралашкан, аларды жетектеген зор инсандар да өткөн. Андай инсандардын бири XIX кылымда жашап күрөшүп, Кокон хандыгынын баш вазири болуп өткөн Алымбек датка болуп эсептелет. Ал адамдын күрөш жолундагы эң кызык да, улуу да аракети Кыргыз Мамлекетинин Кокон хандыгынан бөлүп алуу болгон. Ошол жолдо алтын башы кеткен.**

Алымбек Асан уулу (ал кездеги тартип боюнча жана ошол учурлардын официалдуу документтеринде Ибн Хасан-бий Алымбек деп жазулчу экен). болжолдоп карасак, XVIII кылым менен XIX кылымдын тогошкон жылдарында, кыязы, 1800-жылдарда Алайда (Гүлчөнүн Каргашка кыштагында) баргы уруусунан туулган. Атасы соодагер адам болгон. Антишине себеп ошол кездерде Орто Азия менен Чыгыш Түркстан, Кытай, Оогонстан, Хиндустан мамлекеттеринин аралыгында чоң соода байланыштары болуп, ал жолдор Кокон, Анжиян, Ош, Өзгөн аркылуу жүрүп, Алайды аралап өткөн. Чубашкан төө кербендери токтолуп, дем алып өткөн жайларда соода базарлары пайда болуп. Истамбул, Кабул, Кызыл-Коргон, Сопу-Коргон, Ак-Босого, Сары-Таш, ж.б.). бара-бара белгилүү кыштактар пайда болгон. Алымбек

гында. Алымбек-датка туурасында бироөз калыс сөз жок: ал — эзүүчү, ал — кан соргуч, ал — деспот, ал — ач көз, ал — куу ал — катынпоз (эки аялы болгон эмес ик...). ал — алдамчы, ж. б. бүткүл жаман сөздөрдүн баары ага ярлык кылып тагыла берген. Коммунист — окумуштууларыбыз сөгүп — сөздөөдөн да кайра тартышкан эмес

Ырас, окумуштууларыбызды ошол кездеги «тап» теориясы ошентип жазууга аргасыз кылгандыр. Эмичи? Эми деле ошо «теория» менен куралданган, дүйнөнү ошол призма аркылуу көргөн айрым окумуштууларыбыз калыптанган көз караштарынан кайталбай жатышкандыктары өтө өкүнүчтүү. Ушул жерде алиги эзүүчү, деспот, мансапкор, дүйнө менен көп жер алып, байлыгы да ташып турган чакта, келечек жары Курманжан туурасында, анын чыгыш-мусулман кыздарына түк мүнөздүү эмес жоруктарын (кадамдарын) угат да кайдыгер кала албайт.

Бу кезде Алымбектин аялы да, балдары да бар болучу. Бирок аялы, кыязы, көңүлүнө жага бербечү беле, же өз самаганынчалык эмес беле же бир нече аял алуу андагы азаматтардын мартабасын көрсөтөт беле, кыскасы, Курманжан кыздын кабары жаш датканы аябай кызыктырды.

Курманжан-кыз Ош шаарынан көп алыс эмес, Жапалак кыштагындагы Маматбай деген адамдын кызы болгон. Ал өз оокатына өзү тың адам эле. Атасы кызын бешиктеги кезинен бай жерге сөйкө сала кудалашып, калың үчүн мал-пулун аябай алган. Той өткөрүлүп, Курманжан-кызды көчүрүп барышат. Кыз өз күйөөсүн ошондо көрөт — заматта көңүлүнө жакпай калат. Кыз эми кечки келиндин милдетин аткарууну ойлобой, кантип болсо да качып чыгуу жагын ойлой баштайт.

Кыз кечке жуук сыртка чыгып, мамыда аса байланып турган күйөөсүнүн күлүк атын минип качат. Мерчемдүү жолдорду улап артынан куугун түшөт. Кыз жел менен жарышпа, тынымсыз качып кете берет. Би-

зуп, алдын-ала даярдалып коюлган аппак чыныларга кымыз куюп,

— Жол келип чаңкадыңыздар, меймандар. Кымыздан жутуңуздар, — деп узатты. Кыздын ак манчасынын учу өзүнүн манчасына чыны астында бир тийишип өткөндө, зырп эткен бир күч Алымбектин жүрөгүн аралап кетти.

**Кечке жуук Алымбек ала келген Казий Курманжан-кызды өргөөгө чакыртып, шарият боюнча суроолор берип, кыздын жоопторун угуп жатты. Алымбек болсо жүккө жөлөй коюлган кучак-кучак пар жаздыктарга чыканактап, жигити алтын саркаанасына тамекиден көп басып, анан аябай бышытып келген жез кумгандуу чылымынан куркурата түтүн соруп, кембагалдын кепесинен чыккан көк түтүндөй коюу түтүндү асманга үйлөп, көздөрү ымыр-чымыр кайфка келип, кыздын Казийге берген жоопторун тыңшады.**

Казынын сабалдарын, ага Курманжандын жоопторун бүгүн түк тактоого мүмкүн эмес, бирок болжолдоого болот: Сен эмне үчүн салт буздуң? Атаң кудалашып берген эриңди неге таштап качып кеттиң? Неге сен шарияттын шарымын буздуң? Сен күнөөкөрсүң, өз жоруктарың менен бүт кыздарга

далдары жашырын бүтүм (заговор) уюштурушту. Бу түмдүн башчыларынын бири Алымбек-датка эле. Бу түм ийгиликтүү ишке ашып, Шералы-хан тактыдан кулатылды, анан өлтүрүлдү... Анын ордуна хан тукуму Мурад-бек хан көтөрүлдү. Алымбек баш вазир болмок, бирок тактыда ал 7 гана күн отурду. Ушул шартта кубаттуу амалкөй Мусулманкул күч курап, жаш Кудаярды хан жарыялатты. Мурад-бекти колдогон кыргыз «жакшылары» өлтүрүлдү, калгандары качты. Акыркылардын арасында Алымбек-датка да бар эле. Ал Ош тарапка кетти.

Ошентип, жаш Кудаяр-ханга Мусулманкул регент (аталык) жарыяланып, бүт бийлик анын колуна өттү. Алымбек экөөнүн жылдызы жакын эмес эле.

1845-жылы Ошто чыккан белгилүү көтөрүлүштү негизинен Алымбек-датка уюштурган деген кеп бар. Ошондо хан ордосунун эң кубаттуу адамы Мусулманкул Ош козголоңун аёосуз басууга кыжырданып жөнөйт. Мындай кабарды ордо жактан алыс Алайда жатып уккан Курманжан шашылыш түрдө Алымбекке келип билдирет. Анткени алдын ала Алымбекти алаксытып турууга Мусулманкул жиберген бир нече даткалары, бектери бар эле. Бирок Алымбек аялынын кабарына макул болбой. Мусулманкулдун юлуна каршылык көрсөтүү

Шабданбай АБДРАМАНОВ

бара-бара белгилүү кыштак тар пайда болгон. Алымбек 13—14 жаштарынан тарта эле атасынын соода иштери не кошулуп, Кашкар, Жаркент, Ташкен, Самаркан, Бу хара, Кокон сыяктуу ошол доордун өнүккөн шаарларын да болуп (Истамбул, Кабул, жактарга чейин болгон деген сөздөр айтылат экен) байлык, бийлик жөнүндө эрте ойлонууга мындай тур муш шарты эрте түрткөн. Адегенде өз үйүндөгү жал данма молдодон, анан медре седен билим алгандыгы ай тылат.

Алымбек мүнөзү жагынан жаштайынан курч чыгып, 16—17 жаштар курагында эле теңтуштарынан жоро курап, аш-тойлордо көкбөрү тартып, ат чаап, эңиш-күрөштөр уюштуруп, жаат талашуу чатактарына да ара лаша баштайт. Оозго кирет. Муну менен гана чектелбестен, жыйындарда төрөндөп бийлик кылган Кокон хан лыгынын мындагы бийлик өкүлдөрү менен кагылыша да баштайт. Бир жолу хан дын бир курам зекетчилери менен кагылышып, аларды өз жигиттери менен сабап, жыйган байлыктарын элге таратып жиберет. Экинчи бир кагылыштарда хан сар баздарынан өлгөндөрү да болот. Зекетчилерди өткөр бой да коюшат. Анткени алардын аракеттерин эл колдоп турган эле. Айрым учурларда эл Кокон бийлик терине баш ийбей да коёт. Мындай шарттарда тоо кыр гыздарына катуу чыгуу менен баш ийдирүү да кыйын дыгын хан сезет.

Мына ушундай шартта Мадали-хан (1822—1842) Алымбекти чакыртат, зыян кылбастыгына убадасын жи берген. Таанышат, сүйлөшөт. Жаш мырзанын чечкин дүү мүнөздөрүн, акыл-эсин, максаттарын билет. Бул адам менен хан иштерин ал тарапта жүргүзүүгө боло руна хандын көзү жетет... Мындай байланыштар күчөйт. Мырзага милдеттер жүктөйт. Ишенимдери атка рылат. Ошондо хан 30 жаш

# Шабданбай АБДРАМАНОВ

*Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу*

# АЛЫМБЕК

# АНЖИЯНДЫН АКИМИ

көр ж. б. деген коммунист тик айыптоолорду. ярлыктарды үстүргөн болсо да аз-аздап талдап көролучу. Ким эле байлыкка умтулбаган? Ким эле бийликке умтулба ган? Бул психологиялык ка тегориялар адам баласы айбандан бөлүнүп, акыл-эси не кире баштаган мезгилден тарта эле, анын табийгаты на биротоло сиңип, таптакыр бөлүнбөс болуп калган касиеттер эмеспи...

Ошо жыйынсыган коммунисттерди эле эске ала коёлучу: кайсы райком-обком дун, кайсы Борбордук Комитеттин секретары бийлигин де дагы жогорулабай коёюн деп ойлогон эле? Кимиси байыбайын деп чыккан? Кайсы партократ тутам-тутам паралар алып, бирин жогорулатып, бирин баспай койгон жок? Баарын көрүп туруучубуз, баарын билип туруучубуз, бирок айта алуучу эмеспиз. Антсек анда «антипартиячылбыз», «антисоветчибиз» антебиз деп далай ларыбыз куугунтуктарга калып, далайларыбыз камактарга түшүп, далайларыбыз атылып-согулуп кеткенибиз жокпу? Ал турсун, коммунисттик, орустун кызыкчылыкка шектенип койгондор ду «бул оору экен» деп,

рок артынан куугун жакын дайт. Аларды адаштырыш үчүн аттан түшүп, аны жол боилото айдап жиберет да сай тарапка бой уруп, бадал-токойлорду аралап изин суутат. Анан аердеги бооруке р адамдардын жардамы менен үйүнө жетет.

Атасы мындай ойдо жок жорукту укканда, чалкасынан кете жаздайт. Ак баталашып баштаган өз тоюн, келечек кут үйүн, ак никелешип жаткан эрин таштап качуу деген сөз ал кездеги салт-санаа үчүн эмне эмес эле? Бул жорук элибиздин үрп-адатына сыябы да мусулман динибиздин талапта рына сыябы? Эми эл ичинде барк-баасы бар Мамат-бай тааныш-тамырларынын жүзүн кантип карайт? Кантип эми өз катарынын алдында сөз сүйлөй алат? Кепке кем тик, сөзгө сөлпүк, болбоду бу... Ал ачуусун тыялбай турган шарттарда уулу кирип, «Ата, ушундай болуп калыптыр. Ачууңузду жутуңуз. Кыздын да ачуусу бир аз таркасын, ойлонсун. анан кийин жыйынтыкка келер. Антпей кыстай берсеңиз. мүнөзү көк кызыңыз жаштыктан улам жаман кадамдарга барып жүрбөсүн...» деп атасын жубатып токтот

жаман жорук көрсөттүң, ал үчүн шарият атынан катуу жазаларга татыктуусуң.. ж.б.

Бул ат көтөргүс оор суроолорго К[illegible]манжан-кыз кантип жооп берип кутулду экен? Болбосо бул күнөөлөрү үчүн шарият шарымы аны атка сүйрөтүп өлтүрүүгө да чечим чыгартып коюшу мүмкүн эмес беле! Жемиң бутактуу шарият шарымы алдында адамдын керт башы. анын тагдыры кымбат, баасыз экендигин акылдуу кыз көрсөтө алды бекен?

Алымбек-датка эч кандай сыр билдирбей, эртеси аттанып кеткен. Анан ал Курманжан-кыздын кайнатасы Кулисаттарды жана «күйөө баланы» чакыртып, алар менен сүйлөшөт. Алар кыздан ажырап калгандыгына эмес, кеткен мал-пулуна түтөп туруш кандыктарын көрөт. Ошо чыгымдардын баарын Алымбек-датка өз эсебинен төлөп берип, кыздын башын ачат. Ошондон соң жуучу жиберип, баталаштырат. Анан бир жыл өтпөй той өткөрүп, Курманжанды Алайга көчүрүп кетет.

луна каршылык көрсөтүү аракетине өтөт. Анткен менен күч теңдеш эмес эле. Ошон үчүн Курманжан эринин тамагына ашйини кош туруп берип, ал мас болуп уктаганда извошкао салып, күндөп-түндөп Алайга алып чыгып кеткен деген уламыштар эл оозунда да, кагаз беттеринде да жазылып жүрөт.

Мусулманкул болсо көп сарбазы менен Ошко кирип, шаарды аябай жазалап канга чөгөрөт. Бирок башкы максаты болгон Алымбек датканы ушул чатакка байланыштырып колго түшүрө албай өкүнүп калат.

Ошентип, бул жылдарда (Мусулманкул күчөп турганда) Алымбек-датка Кокон ордосунун интригаларынан бир аз четте калат. Бирок Алайда активдүү өз турмушун уланта берген. Ошол кезде Чыгыш Түркстандагы мусулмандар Цин (Кытай) баскынчыларына каршы боштондук күрөштөрүн жүргүзүп жатышкан болучу. Цин империясы Борбордук Азияны бир жарым кылымга жакын мезгил бою титиретип турган Жунгар (калмак) хандыгын жексен кылып талкалаган соң, ал элдин жүздөгөн миң элдерин кары-жашы, аял-эркеги дебей кырдырбады беле. Ошентип Жунгар хандыгы биротоло жок кылынгандан кийин бута чейин 100 жылдай мезгил бою алардын эзүүсүндө келген Чыгыш Түркстан мусулмандары кытай эзүүчүлөрүнүн кол алдында калышкан. Ошо Цин империясынын бери жылышы кыргыздар үчүн баарыдан коркунучтуу эле. Андыктан Алымбек-датка жана ал жетектеген бүткүл Алай багытындагы кыргыздар кытайларга каршы мусулмандардын эркиндик көтөрүлүшүн колдоп турушкан.

Ал турсун 1847-жылы Алымбек-датка өз көп колу менен Чыгыш Түркстандык мусулмандардын көтөрүлүшүнө жардамга барды. Бул кадам Кокон хандыгынын эркинен тыш, ал турсун

*Тарыхый көркөм баян*

**Шабданбай АБДЫРАМАНОВ**

*Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу*

# АЛЫМБЕК — АНЖИЯНДЫН АКИМИ

(Башталышы газетанын өткөн санында).

Бул жылдарда отурукташкан элдердин феодалдары жана шаардык соода өкүлдөрү Мусулманкулдун чектен ашкан бийликтерине каршы эле, бирок анын каардуу кандуу колунан гана чочулап турушкан. Бийлик-байлыгынан Мусулманкул четтеткен кыргыз феодалдары да астыртан буларга пикирдеш эле. Алардын арасында Алымбек-датка сөзсүз бар болучу. Дал ушундай шартта Ташкендин кушбагиси Нурмухаммед Кокондун башкаруучусу Мусулманкулга бой бербей, өзүнчө бийлик жүргүзө баштаган. Ошон үчүн Мусулманкул 6—7 миң кол курап, Нурмухаммедди жазалоого жөнөгөн, жаш Кудаяр-ханды кошо апарат — сүр болсун үчүн... Бирок Кудаяр-хан түн ичинде Нурмухаммед тарапка качып өтүп кетет. Салгылашууда Мусулманкул талканалат. Тоо кыргыздарына качат. Кол курайт. Салгылашат. Бирок талкаланып, колго түшөт. Кыпчактардын бийлигинен жүдөп жүргөн Кудаяр хан Мусулманкулду (өз кайнатасы да) өлтүртүп, анан «кыпчактарды бычактоого» буйрук берет. Шаарларда болсун, кыштактарда болсун, кыпчактарды аеосуз өлтүрүүлөр жүрүп жатты... Окуяга күбө болгон орус ореиталисттери, саякатчылары үч ай ичинде 20 миңдей «баш көтөргөндөрүнөн» тарта, бей-бечара адамдар да — кары-жаш, аял-эркек да кырылгандыгын жазышкан.

Бул акылсыз жазалоолорунун кесепеттеринен Кокон хандыгы өзү кулаганга чейинки 25 жылдай убакыт шы чыккан көтөрүлүштү бийлик башчылары качан эле маңдайынан сылап, сыйлык берип басчу эле? Миң жылдап келаткан адат боюнча, көтөрүлүштү кандуу жазалоолор менен басат да.. Андан калса, Кокон хандыгынын негизги бийлиги ошол кезде кыргыз өкүлдөрүнүн колунда турганда, ага каршы аеосуз күрөшкөндөр көп болучу. Отурукташкан элдердин феодалдары, көчмөн кыпчактардын феодалдары, дагы толгон ички оппозициялар бүт бийликти колуна алып алган кыргыздарды, алардын башкы башчысы Алымбек-датканы (азыр хандын баш вазирин) кулатып салып, бийликти өз колдоруна алууну күндөп-түндөп ойлонушкан. Ошон үчүн мандары») кооз үй-жайларын, алтын-күмүштөрүн, жер-сууларын таштап, массалык мүнөздө чет өлкөлөргө качууга аргасыз болушкан. Ал жетекчинин көзү өткөн соң, бийлик Сталиндин колуна өттү, Өз ишине (революциянын жеңишине) каршы чыккандардын кимисинин маңдайынан сылап койду эле ал? Башкасын коелу, айыл чарбасында революция жасайм деп, 15 миллион дыйандарды (ал «кулактар» деп атайт) айдап, камап, көчүрүп, атты-рып, жок кылдырбады беле!... Андан кийинки 37-жылдардан кийинки жүзөгө ашырган кыргындарычы? Демек, бийлик үчүн кан төгүү, тээ атам заманынан бери эле, ал турсун «биз гума ринен тышкары сырткы саясы иштерине да активдүү катышкандыгы көрүнүп турат. Бирок тиги окумуштуунун карачы: түндүк-түштүк кыргыздарын бир-бирине кагыштырган дейт. Сөзсүз жамандоо керек...

Узун-Агачтагы беттешүүдө (орус армиясы менен) Алымбектин орду чоң болгон. Бирок бул өзүнчө абдан татаал маселе: биринчиден, Ташкендин башкаруучусу Канат Шаа (тажик) экөөнүн ортосунда биринчилик үчүн талаш жүрөт делет бир версияда. Буга ишенүүгө болбойт. Жаңы изилдөөлөрдүн айтуусуна караганда, түпкү себептери башка жакта болгон: Алымбек датка (хандын баш вазири) 12 миң сыпайы (атчан аскери) менен өттү.

Орустар Ташкенге, Чүйгө жакындап келатты. Мындай шартта Мала-хан кыргыздардын атчан күчтөрүнө муктаж болду. Андай аракетти уюштуруу Алымбектин колунан жакшы келмек. Бирок ал бу кезде хан менен келишпес оппозицияда болуп калган. Анын өзүнчө кураган колу да бар болучу. Аны жок кылмайынча кыргыздар ханга кол бериши кыйын эле. Ошон үчүн хан Алымбекти талкалоого кубаттуу колун жөнөттү. Бирок Алымбек тарабынан толук жеңилүүгө дуушар болду, калган колу кайтып кетти.

Кыргыз урууларынын ичинде жүрүп жаткан абалды кылдат байкап турган — Батыш Сибирдин генерал-губернатору Дюгамель (ал убакта Түркестан генерал-губернаторлуктвосу түзүлө элек болучу.) Алымбек өзүн Кокон хандыгына карама-каршы коюп, Тянь-Шандын көз карандысыз мамлекетин түзүү аракетин жүргүзүп жатат, демек, орус падышачылыгынан сөзсүз жардам сурайт деп эсептеп, Ала-Тоо округунун аскер начальниги Колпаковскийге, эгер ал (Алымбек датка) биз менен контракт түзүүгө аракет жасаса, оң мамиле кылуу жагын эскерткен). Андай жардамды алуу эң мурда Алымбектин аң-сезиминде да болгон). Ошон үчүн орус падышасы Александр IIнин мына мындай ойлору да бекер жеринен чыккан эместир: «...нашел дельными... распоряжения, сделанные на случай, если Алымбек выскажет намерение вступить с нами в дружеские отно-

*Тарыхый көркөм баян*

## Шабданбай АБДЫРАМАНОВ

*Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу*

# АЛЫМБЕК ДАТКАНЫН БИЙЛИГИ, БАЙЛЫГЫ

**Уландысы.**

**(Башталышы газетанын өткөн сандарында).**

ка отурган соң, Кудаяр Ош тон Алымбекти чакыртты: өткөн-кеткенди унутуп, чогуу иштешебиз деп... Баш вазирликти сунуш кылган имиш деген да кептер бар. Буга зайыбы Курманжан тике каршы турган экен. Бирок намысчыл Алымбек макул болбой, хан алдына барган. Бир нече күн хан менен тең мамилелерде болуп турган. Бирок хан кыргызды хандыктан бөлүп кетүү жөнүндөгү «сырларын» алдына коюп, анан башын алдырып салган экен...

Ордодогу зор бийликти өз колуна алыш үчүн молдо Алымкул датка жашырын өз бүтүмү менен Алымбек датка, Кыдырбек датка, Кудайназар датка, дагы башкалардын баштарын алдырган деген версиялар да бар...

Ошентип, 1863-жылы — пайгамбар жаш курагында Алымбек-датканын тынчсыз жүрөгү токтолду. Эң башкы максатына —кыргыз мамлекетин Кокон хандыгынан бөлүп алуу максатына үлгүрбөй кетти...

Кудаяр бийликти жеңип алганы менен өлкөдө тынчтык болуп калган жок. Хан казнасын толукташ үчүн алык-салыкты, ага байланыштуу зомбулуктарды күчөттү. Баскынчы болуп келишкен Бухара эмиринин аскери элди каалагандай талап-тоноп жатты— аларга милдеттүү болуп калган Кудаяр хан тыюу салуу тууралу ойлонууга да акысы жок сыяктуу болду. Эл стихиялуу түрдө көтөрүлүштөргө чыга баштады. Кыргыз-кыпчак феодалдары бул кыймылдарды жетекчиликке алып кетишип,хан колу менен чечүүчү салгылашта. (Асаке алдында) хан колун талкалап салышты. Кудаяр-хан узак мезгилдик коргонууга өттү. Анжиян, Наманган, Маргалаң, Ош шаарлары биринин артынан экинчиси көтөрүлүшчүлөрдүн— кыргыз-кыпчактардын колуна өтө баштады. Дал ушундай шартта кыргыз-кыпчак уруу башчылары хан тукумунан болгон 12 жаштагы Султан Саидди хан жарыялашып, молдо Алымкул-датканы жаш хан Султан Саиддин регенти кылып дайындашты. Ал эми Ташкендин акими кылып, кыргыз [illegible]-датканы белгилешти. (Бирок да Алымкул-датканын жолу да көпкө узаган эмес, 1865-жылы Ташкен алдында оруска каршы жүргүзүлгөн согушта —Кокон хандыгынын аскеринин башкы командачысы болуп турган чалгында— катуу жараланып өлгөн...)

Биз өз темабыздан бир аз четтеп кеттик окшойт, биздин темабыз Алымбек-датка эмеспи, Ошентип, Алымбек-датканын өмүр бою кыргыз-кыпчак биримдигин, кыргыз мамлекеттүүлүгүн түзсөм, орус баскынчылыгынын берилеп жылышын курал күчү менен токтотсом, ыйык исламды тепсетпей сактап калсам деген асыл максаттары ордо интригаларынын бирин де, артынан байкоосуз кылыч кыйгандай чорт үзүлдү... Айкын, асыл максаттарына жетпей, арманда кете берди.

**а) бийлиги**

Алымбектин бийлиги жана байлыгы тууралуу айтыш үчүн, балким, көп томдор жазуу керектир. Бул чындык —талашсыз. Ал эми биздин чектүү бул баяныбызда анчалык чоң талапты камтый алууга мүмкүнчүлүгүбүз жок. Андыктан бул маселелер боюнча, өз көз караш жагдайымды, айрым бир ойлорумду учкайлап айта кетүүгө аракеттенем, ошону менен гана чектелем. Анын зор масштабдуу жана бийик көркөмдүктөгү жандуу образын түзүү келечектин иши.

Алымбек жарым кылымга жакын мезгил бою бийлик үчүн күрөшкөн, бул күрөш жолунда ал кээде тайгылып, чөгөлөп, кайра умтулуп, улам бакана-бакана жогорулап отуруп, өз доорунун (айталы, Кокон хандыгынын) эң жогорку бийлиги болгон —хандын баш вазирлигине чейин бир нече жолу жеткен. Бул зор бийлигинде ал кезде хандын бүт бийлигин экчеген сүймөнчүлүгү болсо, бирде анын каалоосунан ажырап, анын каарына, кууңгуктарына да калган. Бирок, ал ошондой шарттарда да мөгдүрөп калган эмес, кайрадан күч топтоп, кайрадан бүтүмдөр (заговорлор)

тик саясат кулап, тарыхыбызга, эртеңибизге акыйкат тарых позициясынан карай баштаган шарттарыбызда, ишенбей коюуга мүмкүн эмес.

Алымбек-датканын зор бийлиги кыргыз эли үчүн, анын бүтүндүгүн, анын эл катары кадыр-баркын, укуксалтын башка чоң элдерге тебелеп-тепсетпей кармап турууда мааниси абдан зор болгон, ал турсун башкаларга сүр болгон. Кокон хандыгынын негизги таянычы болхан жарыялап жибербеди экен?—деп. Жок, антүүгө болбойт. Хан болуу үчүн хан тукумунан болууга тийиш— ошондо гана эл ээрчийт, башкалар тааныйт. Кокон хандыгынын ханы болуш үчүн Миң уруусунун өкүлү болууга тийиш болучу. А Алымбек миң уруусунан эмес, кыргыздын адигине деген уруусунан (баргы бутагынан) эмеспи— хан болууга акысы жок эле. Бул шартка макул эмес болучу. Ошон үчүн Кокон хандыгы акыл-эс менен чайкап көбөйттү беле, болбосо бир ханды кулатып, анын ордуна «өз ханын» койгон соң сыйлыктарына чексиз байлыктар алды беле, же баюунун булактарын да таап алган беле аны биерде, атайылап илимий-экономикалык багытта изилдеп отуруу биздин максатыбызга да компетенциябызга да кирбейт.

Биз көңүлүбүздү мына бул жагына бурганыбыз максатыбызга ылайык. Алымбек орто ченинде боз үйлөрдөн турган кыргыз айылы да пайда болгон.

Бирок Алымбек-датка шаар ичинде боз үйдө жашаганы менен, шаардын өнүгүшүнө баа жеткис көп иштерди жүзөгө ашырган. Аларды бир-бирден санап айтсак мына мындай: ал кезде кечүү бербей күрпүлдөп аккан Ак-Буура дарыясынын оң-сол жээгиндеги уруулар, өзбек-кыргыздар бири бирине жакшылап байланышып турсун үчүн 8—9 көпүрөлөр салдырган.

Экинчи милдети катары ал Ош шаарынын оң-сол тарабындагы элдер үчүн жана созулуп жаткан талааларды суу менен камсыз кылыш үчүн дарыянын оң-сол жээктерин карай бир нече зор арыктар (бизче—каналдар) каздырган. Аларга эң эле көп тегирмендер, ак жубаздар, май жубаздар курдурган. Жибек, жүн, пахта, тери иштетүүчү ишканаларды да салдырган.

Кээмөл Алымбек-датка шаардын өнүгүшү үчүн шаарга кире берүүчү жана чыга берүүчү жолдорду оңдотуп, кеңитип, жакшырткан. Ноокатка, Араванга, Кара-Суугa,

Курманжан ага кайрылат экен— бир көркөм чыгармада:

О, даткам!
Беш уул, эки кызың бар,
Калың кыргыз элиң бар.
Паргана, Алай жериң бар—
Мында эле калсаң болбос беле?

Мал кылам десең, жайлоо бар,
Дан кылам десең, айдоо бар.
Ата-кесип соодаңа өтсөң—
Тигине Истамбул, тигине Кашкар...

Ошондо Алымбек-датка бир тараптан кабагын бүркөп, бирок ишеним менен минтип айтат экен:
Жара башым калкалап,
Жатайынбы бекинип?
Кыргыз элим тагдыры
Жаткан кезде чечилип.
Манас, Бакай кезиндей,
Эл болсок дейм күрдөөлдүү.
Оң-сол кыргыз биригип,

Бел болсок дейм сүрдөөлдүү.
Ала-Тоону капырлар,
Баспаса деп баратам.
Пасык болуп дин ислам,
Калбаса деп баратам...

Көркөм чыгармаларда гана эмес, документалдуу-илимий эмгектерде да бул ой— кыргыз элинин өз алдынча хандыгын же мамлекетин түзүү жөнүндөгү Алымбек-датканын ойлору жана турмуштук аракеттери тастыкталат. (Ондогон документтерди, окумуштуулардын аттарын тизмелеп, алардан шилтемелер келтирүүгө биерде аракеттенбей эле коелу.)

Бул тарыхый чындыктарга бүгүн, демагог коммунист детилген.

Алымбектин бийлигинин мезгилдеринде түштүк Кыргызстандын эли, айталы, монгол, ойрот (жунгар), Цин кытай бийликтери мезгилдериндей таланып-чабылып, күлү асманга сапырылган учурлар болгон эмес, ошондой эле Кокон хандыгынын армиясы да, башка бир көтөрүлүш чыгарган вилейаттегилердей, талап-тоноолорго барыша албаган. Хандыктын саясатында Алымбектин салмагы турган, экинчиден, ар бир кыргыз үйүндө аттарын токуп, кылычын шайлап, Алымбектин жигиттери даяр турушкан. Датка керек болсо добулун кагуу менен бир күндө миңдеген өз колун топтой алган. Ошон үчүн ордодон кээде качып чыкканда да анын артынан хан армиясы кууп жетип талкалоодон же колго түшүрүп келүүгө аракеттенүүдөн чочулаган. Андай учурлар болгондо да хан колу өзү талкаланып калган фактыларын анчамынча жогоруда айтпадыкпы. Алымбек ушунчалык кубаттуу да, саясатчыл да уюштуруучулук жендөмүнө да ээ болгон адам эле. Ошон үчүн ал үч жолу заговор уюштуруп, үч ханды кулатып, (Шералы ханды, Кудаяр ханды, Мала ханды) өзү баш вазирлигине жетип отурбайбы. Эгерде жазага тартылып кетпесе, төртүнчү жолу да ханды кулатууга даяр эле. Биреөлөр сурашат: ошо хандарды кулаткан ийгиликтеринин биринде өзүн неге чыгартып, өз каражаты менен —анткендерге жер берилген), жер алып, (азыргачейин «Алымбек-чек» деп аталат) ал жерлерди эгин талааларына, жемиш бактарына, жашылча аянттарына айландырышы зор маанилүү иштер болгон. Ошентип, Алымбек-датка жана анын авладинин шаардын тарыхый өнүгүшүндө сөзсүз мааниси бар. Бу чындыкты оңу-солкусуз эле моюнга ала жүргөнүбүз жакшы. Коммунисттик пропаганданын инерциясы менен аларды дагы да боктой бергенибиз уят. Чындыкты чындыктай көз менен кароого эми үйрөнөлү. Бир сөз менен жыйынтыктасак, Алымбек-датканын бийлигинен кыргыз эли зыян тарткан эмес... (Ырас, кемчиликтери да бардыр. Ал тууралу кошуп-ташып аянбай жазып келбедикпи, андыктан мен ал үчүн атайлап аракеттенгеним жок). Бир сөз менен айтар болсок, Алымбек—кыргыз элинин куту, сыймыгы, уюткусу болгон уулдарынын бири.

**б) байлыгы**

Алымбек-датканын байлыгы, ырас, эле, аябай зор болгон экен. Азыркы түшүнүк менен айтар болсок, ал— миллионер... а балким, миллиардер деп тайманбай айтсак да туура келердей. Бул зор байлыкты, коммунисттик пропаганда бекемдеп келгендей, калың элдин канын соруу менен топтоп алган беле же соодагер атасы Асанбийден калган чоң байлыгын дан, өжүрөлөрдөн турган (аларда мударистер жана талабалар—студенттер жашашкан.) 28 өжүрөсү болгон, ичинде төрт күмбөзү курулуштары, мечити, айбандары болуп, жума намаздарында, айт намаздарында бир нече миң ыбааратчылар кеңири батышкан— намаз окушкан. Төрт бурчунда төрт мунарасы болгон— азандар айтылган. Алардын ар биринин бийиктиги 15 метрден болгон.

Медресесине Алымбек-датка башкы мудариси кылып, өз окумуштуулугу менен көп Чыгыш өлкөлөрүнө белгилүү болгон аалым Хаджи-Мухаммадди чакырган. Дагы башка таанымал мударистер дарс беришкен.

Имарат Ак-Буура дарыясынын оң жээгине — Кара-Суу жолу келген жерге салынган. Буга жамаатташ салынган жана Шайыт-Дөбө, дагы башка шаар аймактарында жана Анжиян, Шархан, (Кара-Суу) аймактарын да Алымбек-датканын) ошол кездеги тарыхый документтер боюнча 160 соода дүкөндөрү иштеп турган. Алар сатылуучу малдары (товарлары) Алымбектин иш башкаруучу адамдары анын көп сотуусу боюнча камсыз кылып турушкан.

Ошол жылдарда ал Курманжан-кызга үйлөнүп, Ош шаарына көчүп келип, Ак өргөөсүн тиктирген. Аны жандап көчүп келгендер менен бирдикте байыркы шаардын бекер камсыз кылынган. Ошондой эле медресеге кызмат кылышкан ондогон кызматчылар (кароолдор, шыпыруу-тазалагычтар, чачтарачтар, ашпоздор, кайыкчылар, жыгач усталары) жакшы маяналар алып турушкан. Ушундай зор чыгымдардын бардыгын Алымбек-датка өз чөнтөгүнөн төлөгөн. Зор байлыктарын соопчулук жана диний фондуга —вакифке өткөрүп койгондуктан, ал зор өкмөттүк алык-салыктан азат кылынган.

Бул медреседен окуп чыгышкандардын айрымдары билимин андан ары өркүндөтүү үчүн Бухара, Самаркан, Кокон, Ташкен, Тегеран, Каир (Мисир), Дамаск, Истамбул жактарга кетишсе да, негизги бөлүгү Фергана өрөөнүндөгү шаарларда, Алай, Арстанбап, Борбордук Тянь-Шань, Памир жерлериндеги айыл-кыштактарга мечиттерде имам болушуп, балдар-кыздарды окутушуп, эл арасында диний, маданий-агартуу иштерин жүргүзүшкөн. Мурдагы учурдагыларын айтпай эле коёлу, бул медресени бүтүргөндөрдүн далайы Совет бийлиги мезгилинде деле маданият-илим иштеринде баштары көрүнүп, алды академиктик даражага жеткендери да кыргыз, өзбек, тажик, уйгур элдеринин арасында бир топ... Аларды издеп таап, тизмелеп отуруу негизги максатыбызга кирбейт.)

(Уландысы бар)

*Тарыхый көркөм баян*

Шабданбай АБДЫРАМАНОВ

*Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу*

# АЛЫМБЕК ДАТКАНЫН БИЙЛИГИ БАЙЛЫГЫ

Уландысы.
(Башталышы газетаның өткөн сандарында).

Ал учурда Алымбек-датканын медресе-мечити, соода мекемелери, кербен сарайлары үчүн мамлекеттик бюджеттен каражат бөлүнбөсө, азыркыдай «долгосрочный», «краткосрочный», «беспроцентный» деп банктардан миллиондогон сом ссудалар алуу тартиби жаңабаса, ал эми эсепсиз көп каражаттар жумшалып жаткан медресени материалдык байлыктар ойдүрбөсө, ал гиганттык зор каражаттарды кайдан таап жаткан? деген закондуу суроо туулбай койбойт. Ооба, анда биз бүгүн алкагына кирип-кире албай жаткан рыноктук (базар) экономикасы өкүм сүрүп турган болучу. Ошон үчүн ал тууралуу ойлонбой коюуга болбойт. Ырас, эле ал мындай зор чыгымдарды кантип төлөп турган?

Алымбек-датка бүт байлыктарын: бай-соодагер атасынан калган байлыктарын да, ага тиешелүү бүт жер-сууларын да, өзгөчө —өзү Мадали-ханга, Мала-ханга, дагы башка хандарга кызмат көрсөтүү менен алган чексиз кең аянттуу айдоо жерлерин, андан да кеңири мал жайыттарын, анда жайылган миңдеген-миңдеген жандык жана кара малдарын өз медресесинин, мечитинин, бир нече ыйык мазарлардын карамагына официалдуу түрдө өткөрүп койгон. Жогоруда эске салган көп мүлктөрүнөн түшкөн байлыктар вакифтин казынасына түшкөн, башкача айтканда, медресесинин фондусуна түшкөн. Ал эми медресесинин Муталийи— бүгүнкү биздин тил менен айтканда ректору Алымбек-датка өзү болгон,

ра берген... Тегирмендер, жжубаз, майжубаздар, майда кол өнөрчүлүктөр сыяктуу анын байлыгы эсебинен иштеген чакан ишканалары иштей берген.

70 жылга созулган большевиктик пропаганда «Алымбек кан соргуч болгон, элдин канын соруп байыган» дегенден башка сөз айтылбаган эмесиң. Бирок «менин канымды сорду» деп ошол убактагы казийлерге, бийлерге арызданган архивдик документтерди жолуктура албадык. (Мындай документтер көп эле окумуштуулардын илимий эмгектеринде— айрым бир ач көз байлардын үстүнөн болгон арыздар, сот процесстери — шилтемелер катары көп келтирилген) Оозеки сакталган имиштерден деле учураганы жок. Тескерисинче, Алымбек-датка жерлерин иштетүүгө, малдарын багууга, ишканаларын жүргүзүүгө бергенде, «бу жеримди же малымды.

Оо, биздин жаш миллионерлер! Алымбек абзацардан үлгү алгыла. Алымбек байлыгын көбөйтүү менен, бүт кул дүйнөнү сатып алам деп жан үрөбөптүр го. Тапкан байлыгына медреселер, мечиттер, соода жана өнөр жай ишканаларын куруп, кыргыз элинин караңгы көзүн аз болсо да ачсам, агартсам, маданиятын көтөрсөм, рухий жактан башка өскөн элдерге теңесем деп күрөшүп жүрүп өткөн тура—бийлиги жагы менен да, байлыгы жагы менен да... Бул ыйык инсандан үлгү алуу менен элге пайдаларды тийгизүү маселесин эсиңерден чыгарбагыла, кыргыз элинин жаш миллионерлери, жаш бизнесмендери...

«Байлык деген бу—боор эт менен барабар» деген кыргызда кеп бар эмеспи. Байлыгын тартып алуу боор этин кесип алган менен барабар дешет. Бирок дал ошон

дожниктеринен) сатып алган, ошону менен бирге аларды ачкачылыктан сактап (сүрөттөрүн сатып алып) жана чыгармачылыктарын колдоп турган. Ошондой эле европалык улуу сүрөтчүлөрдүн эң кымбат сүрөттөрүн сатып алган. Азыр ал орус маданиятынын сыймыгы болуп, бүт дүйнөнү суктандырып турат. Третьяковдун аты орус тарыхында алтын тамгалар менен түбөлүккө жазылып калды.

Биз негизги темабыздан четтеп кеткенсидик. Жок, четтегенибиз жок. Бул ойлорумду мен көптөн эле айтайын деп жүргөн элем, бирок кыябы келбей жүргөн. Азыр буларды Алымбек-датканын кыргыз элине жасаган аракеттерине байланыштырып айтуу, балким, биздин жаш бизнесмендерибизге таасирдүү тийип, анча-мынча болсо да аларды ойлорго чакырып коёр деп үмүттөнүп жаздым.

чулар менен жолугушуп, абдан өссө керек—өшентип улуу акынга, улуу комузчуга айланса керек. Анан Алымбек Мала-хан менен араздашып, Тянь-Шань, Алай тарапты көздөй чыгып кеткенде же 1863-жылы ордодо Алымбек-датканын башы алынган соң, Арстанбек ырчы Түндүккө кайткан окшойт, кыязы.

X X X

Алымбек-датканын өмүр-тагдырын айтууну аяктап бара жатканда, бир окуучу жүрөктү туз куйгандай ачыштырат: ал — Алымбек-датка пайгамбар жашына жетип (63), акыл-эси, тажрыйбасы артып, зор максаттарына умтулуп турган шарттарда, өмүрүнүн күтүүсүз жерден трагедиялуу мүнөздө чорт үзүлүшү эмес— өлбөй турган адам болбойт эмеспи— анын Ак медресесинин, анын кооз имаратынын тагдыры... Жогоруда биз айткандай ал имарат Фергана өрөөнүндө кооздук жагынан алдына башкаларды салбай турган, ал турсун хандын башкы мечитинен жол талашкан, карапа кирпичинен салдырган ажайып имарат эмес беле? Алымбек-датка аны миң жылдарды аралап өтүп кете берет деген зор да, ак да ишеним, тилек менен салдырбады беле? 150 жыл аралыгында тыптыйпыл кыйрап калышына эмне себеп болду? Кайсы ырайымсыз апаат ал Ак-Медресени жалмап кетти?

Ал апаат— каргыш тийген коммунисттик идеологиянын апааты... Большевиктик варвардык идеология бул миң жылдарга турар кооз имаратты «эзүүчү таптын окулу Алымбек-датка салдырган, бул— социализм

учурлары да болгон экен, анда эмне үчүн анын мындай зор байлыктарын жеңилип калган учурларында хан бийлиги талап алган жок (биzче айтканда конфискацияланган эмес)? деген заңдуу суроо туулбай койбойт. Ооба, Алымбек-датка муну эң сонун билген. Ал эми ушу байлыгымды эптеп сакташ үчүн куйругумду түйүп жөн жүрөйүн дегенге да анын жалындуу жүрөгү көнө койбосун башкалардан өзү жакшы сезген.

Мына ошон үчүн (куу десек да болор, акылман десек да болор) Алымбек-датка бүт байлыгын вакифке—соопчулук мекемелеринин карамагына өткөрүп койгон... Мунун пайдалуу жагы—вакифке өтүп калган байлыктарга хандын да тиши өтпөй турган болуп калган, анткени— ал дин жолундагы ыйык байлык болуп калат экен да —шарияттын шарты боюнча... Ошон үчүн Алымбек-датка кээде ордодо жеңилип, качып чыкканда да, артынан түшкөн куугун анын үйүндөгү майда-барат байлыгын талап кетсе да вакифтеги зор байлыгына кол тийгизе алган эмес: медресеси иштеп, мечитинде намаздар окулуп, дүкөндөрүндө соодалар жүрүп, өзү каздырган зор арыктарынан суу агып, чексиз жайыттарында төрт түлүк сансыз малдары жайылып, эгин талааларында эгиндери жайкалып бышып, бактары мөмөлөп жыттуу коон-дарбыздары, сабиз-пыяздары базарлардын көркүн ачып, элдерге төмүлүктар апкелип ту...

...ген баалары менен саттырчу экен дешет уккандар. Оздон оозго өткөн жакшы сөздөр жашап жүрөт.

Мына буларды айтып жатуу менен мына булар эсиме түшөт: кудайга шүгүр, жаңы заман келип, кыргыз улутунун өкүлдөрүнө да бизнесмендер, менеджерлер, банкирлер, соодагерлер болууга шарттар түзүлүп жатат. Жөндөмдүү адамдар байып жатышат. Ылайым эле байышсын.

Ырас, элибизде азың пайда боло баштаган бизнесмен, миллионер адамдарыбыз жакшы иштерди да кылып жатышат, аларга ырахмат. Бирок көпчүлүгү эл мүдөөсүн, муктаждыгын, жеке элге берер пайдаларын эске албай эле, «палан жерде түкүндөй деген буюм арзан экен, мен аны биерге апкелип, тигиндей баада сатсам, мынча жүз миң сом, же доллар пайда табат экемин» деп жан үрөп жүрүшөт. Айрымдары мен палан жерге сигарета фабрикасын курам, арак заводун курам паланча миллион сомдон пайда түшүрөм деп, алдын ала эсептейт экен. Ырас, ал бизнесменге ошончолуктан миллион сом зор, долларлар пайдаларын келтирери талашсыз. Ал эми ошол сигарета фабрикасы, арак заводу кыргыз элине эмне пайда берет: материалдык жагынан болсун, рухий жагынан болсун?.. Тескерисинче, адамдарды акыл-эстеринен ажыратуудан, кеселдерге чалдыктыруудан башка пайдалары жок.

Азыр анын аты орус тарыхында ардак менен айтылат.

Москвадагы атактуу Ленин атындагы китепкананы орустун Румянцев деген миллиардери курдурган, миллиондогон китептер менен камсыз кылган, анда иштеген жүздөгөн адамдарды маяналар менен камсыз кылган. Ошон үчүн ал китепкана ал кишинин — өз ээсинин атына которулуп жатат... Дал ушул сыяктуу эле Москвадагы А. С. Пушкин атындагы кеңкэм искусство музейин— имараттарын да, ичиндеги бүт кымбат байлыктарын да, ар бири миллиондогон сомдогон искусство предметтерин — скульптура, живопись, сүрөт, алтын-күмүштөн жасалган экспонаттарын да Цветаев деген миллионер адам (акын Марина Цветаеванын атасы) курдурган, уюштурган. Азыр ал музейдин атын да өз ээсинин атына которуу аракетин талап кылып жатышат.

Эң акырында айтарыбыз: көпөс фабрикант Третьяков тууралу. Москвадагы Третьяков атындагы сүрөт искусство музейин бүт дүйнөдө ким билбейт? Байлыгы жана дүйнөлүк мааниси жагынан ал музей Франциянын Лувру, Германиянын Дрезден жана Италиянын атактуу музейлери менен тирешет эмеспи. Ошо музейди ошо көпөс Третьяков түзгөн— миллиарддаган сом акчаларын жумшап, андагы улуу сүрөттөрдү орус художниктеринен (ооба, орус ху...

...легендарлуу өнөрпоз катары белгилүү Арстанбек Буйлаш уулу ушу Алымбек-датканын ырчысы болуп жүрүп таанылып, оң-сол кыргызга башы көрүнгөн турбайбы...

Эгер мен каңырып уксам, түндүк кыргыздардын бир топ жакшыларын хан ордого (Коконго) чакыртып, анан аларды кайра жөнөтпөй, кармап калган экен. Ошондо быяктагы кыргыздар алман чогултушуп, ханга белек алып барышат. Ошолордун арасында жаш ырчы Арстанбек да бар экен, атайылап апарышса керек. Бул мезгил, кыязы, Алымбек Кудаяр-ханды такысынан кубалап жиберип, ордуна өз адамы Мала-ханды такына отургузуп, өзү баш вазир болуп турган учур окшойт. Түндүктөн барган депутацияны ордодо оң кабыл алышып, алардын талабы боюнча мурда кармалып турган түндүк жакшыларын коё бергизип, Алымбек-датка жаш ырчы Арстанбекти алып калат экен. Алымбек-датка калың кишки эмес эле да— Арстанбектин укмуштай талантын дароо тааныса керек. Ошондон соң жаш ырчы бир нече жыл бойлоп, Алымбек-датканын жанында жүрүптүр. Көчмөн турмушта өскөн жаш ырчы отурукташкан турмушка аралашып, Кокон хандыгындагы Кокон, Ташкен, Анжиян, Ош сыяктуу өнүккөн шаарларды көрүп, хан ордосундагы татаал турмушту сезип, ордо интригаларына күбө болуп, чоң акындар менен, комуз...

...болуп, ... алардын көздөрүн өйүй баштаган. Ошондо алар мына мындай макоо жыйынтыктарга келишет: бул имарат —Алымбек-датка салдырган имарат, ал биздин «тап душманыбыз» болгон, демек— ал салдырган бул имарат да биздин тап душманыбыз. Андыктан бул имаратты буздуруп жок кылышыбыз керек.

Ошентип отузунчу жылдардын орто чендеринен тарта, мечитти кулата баштайшат. (Ушундай имаратты «буз» деп айтууга кандай гана кабак баш партократтын оозу барды экен э[illegible].) Адегенде төрт бурчундагы—ар бири он беш метрликтен бийик мунараларын (азан айтуучу) анан ичиндеги кабыр жайларын буздурушат, анан өжүрөлөрүн, анан намаз окулуучу кең залдарын, анан кооз айбандарын... Бузууну согуш жылдарында да улантышат, Акыркы пайдубалдарын 50-жылдарда оморуп жок кылышат. Ошондо өздөрүн коммунизмге кыйла жакындай түшкөндөй сезишет алиги большевиктер... Бул аракеттерин алар динге каршы күрөшүү деп, «жакшылыкка» жорушат. Бирок, дин калды, ал эми большевиктер зомбулук менен жүргүзгөн саясаттар өлдү— эшектин тарпы жерге көмүлгөндөй көмүлдү.... Ошол башсыз бирок ырайымсыз күчкө, кан төгүүлөргө таянган бийликтен кутулганыбызга кудайга шүгүр.

(Уландысы бар).

*Тарыхый көркөм баян*

Шабданбай АБДЫРАМАНОВ

*Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу*

# АЛЫМБЕК ДАТКАНЫН БИЙЛИГИ, БАЙЛЫГЫ ЖАНА АВЛАДЫ

**(Башталышы газетанын өткөн сандарында)**

«Эскиликтерге каршы күрөшүү» деген ураанды большевиктер баарыга бирдей таштаган. Бирок, Өзбекстан, Тажикстан, Казакстан, Түркмөнстан деген республикаларда миңдеген-миңдеген тарыхый- архитектуралык имараттар сакталып калат да, ошолордун деңгээлинде кооз салынган, болгондо да кыргыздын Ош шаарыный ортосуна кыргыздын аракети, анын акчасы менен салынган бирден бир кооз имаратыбыз кыйрап калат?.. Жооп бирөө гана: кыргыз жетекчилеринин маданиятынын төмөндүгү... «Бөрк ал десе, баш алган» чала сабаттыгы... кошоматчылыктары...

Алысты коюп, 60-жылдардагы эле окуялардан эске салайынчы. Абройлуу саналган бир партаппаратчы Ош обкомунун биринчи секретары болуп турган жылдарда Ош шаарында жана Ош областында сакталган эски архитектуралык эстеликтердин, ыйык мазарлардын түбүнө жетти. Маселен, улуу Бабурдун өз «Бабур-намесинде» жазылган Сулайман тоосунун чокусундагы өжөрөсүн кыйраттырды: элдин талабы ушундай деп, «токтомуна» жаздырыш үчүн, пединститутта чогулуш өткөрттү. Бирок окуучулар «жок, бул тарыхый эстелик, бузууга болбойт» деп каршы чыгып койсо, аларды иштеринен бошоттурушту. Студенттер да, курулушчулар да бузбай коюшкан соң, түрмөдөгүлөрдү апкелишип, ар бир күнүң бир айга өтөт деп бир айлап буздурушту. Ошол эле обком Петраш деген «окумуштуу аферистке»

даткага кандай мамиле жасашса, Курманжанга ошондой тең укук менен мамилелер жасай башташты. Россия сыяктуу зор падышачылыктын падышалары Александр II, Александр III, жана Николай II өз губернаторлору аркылуу Курманжан-датка менен эсептешүүгө, аны менен закондуу мамилелер түзүүгө аргасыз болушту.

Ушул жерде тарыхый чындыкты бурмалабай, реалдуу айта кеткенибиз калыстык болот. Алымбек-датканын аскар тоодой бийик кадыр-баркы, эсеп жеткис зор байлыктары, кеменгер мамлекеттик ишмердиги, тунук акылмандыгы болгону

бийлигимден ажырап, эми орустарга салык чогултуп, элдин канын соруп бергичи болбойм» деп койгон. Кыязы, ал кол жыйнап, дагы да Ооган бийликтеринен жардам алып, орус колонизаторлору менен салгылашууну болжогон. Бирок ага Ооган бийликтери жардам бере албастыгын билдирген, антке ни— муунтуп келаткан англиялык колониализмдин коркунучунан улам алар өздөрү орус жардамына муктаж болучу. Андан калса, орус баскынчылыгы алардын чек арасына келип калган эле, ошон үчүн орус менен кагылышуу да алар үчүн коркунучтуу болучу.

Ошондон соң Ооганстан

Жыйырма жашта жык
толдуң.
Эл мүдөөсүн ойлонуп,
Жыйырма беште
топтондуң.
Капырга тике мелженип,
Отуз жаш чакта ок болдуң,
Отуз беш жашта минетип,
Кулунум, топурак болуп
жок болдуң..

1898-жылкы Анжиян көтөрүлүшүнүн капшабына байланыштуу Алымбек-датканын эки уулу— Батырбеги менен Мамытбеги жана небереси Мырзапаяз Сибирге сүргүнгө айдалышкан. Курманжан артынан түшүп жүрүп, орус падышасынын үй-бүлөсүнө, аялына кат менен кайрылып, аларды бошотуп алган экен. Ошондон

өз оокаттарына тың, мөгдөп калгандары тегеле болгон эмес. Кызмат жагынан алсак, райондо, оолуста, борбордо жооптуу иштерде иштеп жүрүшөт. Алымбек-датка адамдык имам-жаны, мактаттары, өмүр жолу гана ак эмес, каны да таза адам экендиги көрүнүп турат деп сыймыктана сүйлөдү...

«Сыймыктана сүйлөдү» демекчи, коммунисттик зомбу бийлик анын байлыктарына гана тыюу салып, бутундөрүн уратып-бузуп токтоткон жок, асыл Алымбек-датканын өзүнүн атын атоого да, иштерин калыс айтууга да, Курманжандай кеменгер жары, арстандай уулдары тууралу эске салууга да тапанча, кылыч күчү менен тыюу салып келбедиби...

Алардын зор иштери туурасында башкалардын айтуусу мындай турсун, өз балдары неберелери, чеберелери, чөбүрөлөрү «биз ошонун каынан элек» деп сыймыктанууга, сыймыктанбай эле өз канын айтууга да батына алышпай калышпадыбы— кечээ эле кайра куруу келгенге чейин батындырбай да коюшпадыбы...

Кудайга шүгүр, мына бүгүн заман өзгөрдү— алар тууралу акыйкат сөздөрдү айтышыбыз адамдык ыйык милдетибиз.

### ЖЫЙЫНТЫК СӨЗ

Мына биз үстүртөн болсо да, Алымбек-датканын драматизмге жык толгон өмүр жолу—Анжиян акимдигинен тарта, Кокон хандыгынын баш вазирлигине бир нече жолу жеткенге чейинки бийик мансабы (бийлиги), эсеп жетпестей зор байлыктары, бай түп дарактын бутактарындай чартактаган

да унутулуп, советтик дөөрдө атайын басмырланып келген адамдарыбыздын аттарын атап, маарекелерин өткөрүп жатабыз, мекеме, жер-суулардын аттарын аларга берип жатабыз. (Жер-суу аттарын берүүгө мен каршымын...) Ушул чаралардын баары жакшы.

Алымбек-датка да мындай урмат-сыйдын чоңуна татыктуу! Бирок мен анын маарекесин 200 боз үй тигип, Кыргызстандын булуң-бурчунан, башка өлкөлөрдөн миңдеген меймандар чакырып, 20—30 жылкы союп, 200—300 кой союп, ат чаап, улак тартып, акындарды ырдатып абдан помпездүү кылып өткөрүүгө каршымын. Мындай шаан-шөкөттөрдүн үстүндө жүргөн Алымбек-датканын өмүрүн ал помпездүүлүк кооздой албайт, анын өмүрү кирген тарыхка топчу да болуп бере албайт. Бир жалп этип, кайра өчкөн отко окшоп эле калат—ал эртең эле унут болот.

Анда эмне кылышыбыз керек?

Алымбек-датканын зор өмүрүнө, ал аркылуу бүтүндөй кыргыз элинин тарыхына татыктуу болор нерсе бар, ал Ош шаарынын 3000 жылдыгына байланыштуу — өз заманынын архитектурасынын жетишкендиктерин пайдалануу менен, Самаркан, Бухара имараттрынын үлгүсүндө Ош шаарынын чок ортосунда салынган Алымбек-датканын Ак-Медресесинин кооз имаратын калыбына келтирүү деп эсептеймин, аны сөзсүз калыбына келтирүүнү сунуш кыламын. Бул— бүгүнкү эркин кыргыз эли үчүн, анын эгемендүү мамлекети үчүн өтө зор иш эмес, бирок абдан ардактуу иш!

